# Конушбаев кадырбек атындагы Суусамыр орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата Гуманитардык-тарых цикли усулдук бирикмесинин II отурумунун отчёту.

Гуманитардык-тарых цикли усулдук бирикмесинин II отурумунда төмөнкүдөй иштер аткарылды:

-Предметтик мугалимдер жетинин айынын он сегизинен жыйырма экисине чейинки аралыкта окуучулардын билим деңгээлдери текшерилип,окуу машыгууларын,жазуу иштерин алып,билим сапатын чыгарып,мониторинг жүргүзүп,папкаларга тиркешти.

-Предметтик мугалимдер,жөндөмдүү,начар жана сабакта жетишпеген окуучулар менен мерчемдин негизинде иштеп жатышат.

-Кыргыз тили жана адабияты,тарых предметтери боюнча мектеп ичинде өткөрүлгөн предметтик олимпиадага кыргыз тили жана адабиятынан 5-класстан- 4 ; 6-класстан-2 ; 7-класстан-4 ; 8-класстан-1 ; 9-класстан-2 ; 10-класстан-2 ; Баардыгы 15 окуучу, ал эми тарых предметинен:5-класстан-6 ; 6-класстан-12 ; 7-класстан-10 ; 8-класстан-5 ; 9-класстан-1 ; 10-класстан-5 ; 11-класстан-5 , баардыгы 53 окуучу катышып,тарыхтан төмөнкү окуучулар: Джүзүмханова Аделина, Мамытбекова Айназик, Самудинов Кутман, кыргыз тили жана адабиятынан Омурова Нурданат, Мелисов Расул, Джүзүмханова Хадижа, I орунга ээ болушуп , райондук олимпиадага катышууга жолдомо алышты.Учурда бул окуучулар менен предметтик мугалимдер иштеп жатышат.

-Жетинин айынын тогузунда кыргыз тили жана адабияты мугалими Тыныбекова Жазгүл 5-б-класстын окуучулары менен бирдикте үч айлыкты жыйынтыктап, “Тил- улуттун күзгүсү” деген темада кече өтүп берди.Кеченин даярдалышы, өткөрүлүшү УБ жетекчиси тарабынан “канааттандырарлык”деп бааланды.